*Суранова Н.Р.*
*Ошский Технологический Университет*

# КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА КЕП МАДАНИЯТЫН ҮЙРӨТҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБУЧЕНИЯ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЕ НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

***Аннотация:*** *Кыргыз тилин окутуунун методикасы илиминин, кеп маданиятын үйрөтүүнүн айрым маселелерин кыргыз тили сабактарында колдонуу.*

***Аннотация:*** *методика обучения кыргызскому языку, некоторые вопросы обучения речевой культуре, уроки кыргызского языка.*

Окуучулардын алган билим, билгичтик жана баалуулуктарынын мазмунун аныктоодо аларды компетенцияларга бөлүп көрсөтүү кеңири практикалана баштады. Билим берүүнүн мазмунун мындай аныктоо теориялык жана практикалык жактан алда канча алгылыктуу болуп, окутуу иштеринин максат-мазмунун, милдеттерин тактоого жана турмушка ашырууга акырындап кызмат кыла баштады.

Мектеп окуучуларынын маданият таануучулук компетенцияларын калыптандырып, өстүрүп-өркүндөтүү кайсы бир предметтин же предметтер тобунун гана максат-милдети эмес. Ал бардык предметтерди, мектеп алкагындагы жүргүзүлгөн массалык-маданий, окуу-тарбиялык, коомдук-социалдык ж.б., бардык иш-чаралардын негизги мазмунунда камтылган, милдеттүү түрдө ар дайым иштелүүчү педагогикалык негизги компоненттерден болуп саналат [1].

Ошол эле учурда өспүрүмдөрдүн маданият таануучулук компетенцияларын калыптандырып, өркүндөтүүдө кыргыз тили сабагына өзгөчө орун берилип, өзүнчө милдеттер жүктөлө тургандыгы да белгилүү. Бул өзгөчөлүк, бул өзүнчөлүк төмөнкүдөй жагдайлар менен түшүндүрүлөт:

Биринчи, кыргыз тили кыргыз элинин улуттук маданиятынын негизги формасы катары көрүнөт.

Экинчи, кыргыз тили кыргыз элинин улуттук маданиятынын казынасы болуп саналат.

үчүнчү, кыргыз тили кыргыз элинин тарыхый тажрыйба-табылгаларын сактоочу, алып жүрүүчү жана байытуучу соолбос булак катары кызмат кылат.

Төртүнчү, кыргыз маданияты, кыргыз адеп-ахлагы тилден башталат (Адеп башы - тил).

Бешинчи, ар бир адамдын (окуучунун) сүйлөгөн сөзү анын жалпы маданиятынын күзгүсү, көрсөткүчү болуп саналат ж.б.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы илими кыргыз тилин окутуу менен кыргыз маданиятынын тыгыз байланышта, карым-катышта экендигин, алар бир бүтүндүктүн ажырагыс бөлүктөрү (компоненттери) боло тургандыгын толук таанып, Кыргыз тилин окутуу, үйрөтүү процесстеринде ал бүтүндүктүн сакталышына маани берип, нормативдик документтерде атайын тапшырма, милдеттерди мугалимдердин алдына коюп келет.

Азыркы өндүрүштөгү окуу программасы (2009 жыл) аталган маселе боюнча мындай талаптарды коет: «Кеп маданияты окутуунун милдеттери: окуучулардын адабий тилдин орфоэпиялык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоо нормаларын туура сактай алгандыгы, аларды бузбагандыгы жана орфографиялык, пунктуациялык толук сабаттуулукка ээ болгондугу менен аныкталат». Андан ары программада кеп маданиятынын материалдары грамматикалык темалар менен байланыштырылып берилгендиги, эки теманы эриш-аркак окутуу милдети коюлгандыгы айтылат. Коюлган бул талаптар туура жана окуучулардын кеп маданиятын жакшыртууга өз салымын кошо алат.

Бирок окуучулардын маданият таануучулук компетенцияларын жакшыртып, өркүндөтүүнүн жалпы дидактикалык суроо-талаптарынын деңгээлинде алып карасак, мектептин окуу программасы окуучулардын кеп маданиятын жакшыртуу боюнча койгон талаптары, милдеттери проблеманын жарым-жартылай чечилишин гана чагылдырып калган. т.а., ал талаптарда окуучулардын туура сүйлөөсүн (туура кеп), өркүндөтүү маселесин көтөрүү менен чектелген. Туура кеп – кеп маданиятынын тутумдашкан эки бөлүгүнүн бири болуп саналат да, экинчи бөлүгү жакшы кеп (жакшы сүйлөө) проблемасын камтыйт. Бул проблеманын мааниси туура кептен кем эмес, бирдей, тепетең.

Жакшы кеп түшүнүгү өзүнө төмөнкүдөй белгилерди камтууга тийиш: таасирдүүлүк, жугумдуулук, жагымдуулук, тактык, этика-эстетикалуулук, кызыктуулук ж.б. Ар бир белгиге кыскача токтололу.

Таасирдүүлүк – айтылып жаткан ой, информация угуучуга (окуучуга), анын сезимине таасир этип, өзүнчө ойлонууга, тыянак чыгарууга өбөлгө болушу.

Жугумдуулук – ой, информация угуучунун эсинде көпкө сакталып, өз практикасында колдонууга түрткү бериши.

Жагымдуулук – берилген ой, информация угуучунун жан дүйнөсүнө төп келип, моокумун кандырып, ырахат тартуулай алышы.

Тактык – айтылуучу ой, информация кыска, так, түшүнүктүү жана жеткиликтүү болушу.

Этика-эстетикалуулук – кептин сылык-сыпаа болушу, анда орой, уят сөздөрдүн болбошу, кеп кырдаалынын эске алынышы, стилдик тактыгы.

Кызыктуулук – кеп угуучунун жаш курагына, кабыл алуусуна, кызыкчылыктарына жана информациянын угуучунун суроо-талаптарына жооп бериши.

Биздин бекем ишенимибизде, орто мектепте кыргыз тилин окутуу менен окуучулардын маданият таануучулук компетенцияларын өнүктүрүү үчүн кеп маданиятын үйрөтүүгө коюлуп жаткан талаптар туура кеп менен жакшы кепти бирдей камтышы зарыл. Бул, биринчиден, кыргыз тилинин бөлүмдөрүн (фонетика, лексика, морфология, синтаксис ж.б.) окутуу менен кеп маданиятын үйрөтүүнү кызыктуу жана жугумдуу жүргүзүүгө жол ачат. Экинчиден, жакшы сүйлөөгө көнүгүү менен окуучулар өз сөздөрүнүн сылык-сыпаа, маданияттуу, таасирдүү жана ынанымдуу болушуна аракеттенүүлөрүнө шарт түзөт. Үчүнчүдөн, эне тилин сыйлоого, анын байлыгын, мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен сыймыктанууга көнүгө башташат.

Кеп маданиятынын теориялык, практикалык негиздери менен толук таанышып, өздөштүргөн окуучу эмнелерге ээ болот же ээ болууга тийиш? Мына ушул дидактикалык суроо-талапка так жооп табуу жалпы эле кеп маданиятын окутуунун теориялык негиздерин аныктоого өбөлгө болот деп эсептейбиз.

1. Жалпы эле маданият таануучулук компетенциянын башаты да, туу чокусу да кеп маданияты менен түздөн-түз байланыштуу. Бул тууралуу кыргыз тили мугалими жетик түшүнүк-ишенимдерге ээ болушу шарт. Кеп маданиятын окутуу, үйрөтүү, өркүндөтүү иш-аракеттеринин чордонун ушул түшүнүк түзүшү талап кылынат. Бул түшүнүк, барыдан мурда, мугалимдин өз ишмердүүлүгүндө, сабак өтүүдө, окуучулар менен алака түзүүдө, мектепте, көчөдө, коомдук жайларда, массалык-маданий иш-чараларда, жалпы эле жашоо-турмушунда кастарланып, колдонулуп, сакталышы керек.

2. Кеп маданияты керектүү учурларда сакталып, кармануучу, ал эми башка учурларда анчейин мааниге ээ болбогон, колдонсо, колдонбой койсо да боло берүүчү утурумдук же зарылдыкка жараша аткарылуучу, кирди-чыкты баалуулук (компетенция) эмес. Ал–адамдын адамдыгын, акыл-эс, таанып-билүүсүн, билимин, маданиятын, өзүнө, элине, жерине, өлкөсүнө болгон мамиле-алакасын кайда болбосун, эмне кылбасын анын кеби (сүйлөөсү) аркылуу көрсөтүп туруучу көрсөткүч, индикатор. Бул тууралуу мугалим окуучуларга дайыма айтып, фактыларды көрсөтүп, программа талап кылгандай кыргыз тили сабагында кайсы тема өтүлбөсүн аны кеп маданияты менен байланыштыра үйрөтүүнү алдын ала ойлонуштуруп алуусун сунуш кылабыз.

3. Ар бир адамдын, окуучунун иштеги, окуудагы ийгилиги, класстагы, коомдогу жетишкендиги адамдын кеп маданиятын байланыштуу чечилет, аныкталат жана бааланат. Кыргыз тили мугалими коомдук аң-сезимдин бир катар формаларында эмне үчүн «башталышында сөз болгон» деп айтылып калгандыгын өзү толук түшүнүп, аны класс жогорулаган сайын окуучуларга улам кеңейтип, улам тереңдетип үйрөтүүсү кеп маданиятынын бир катар маселелерин чечүүгө жардам берет.

Мектеп окуучусу сүйлөшүү, пикир алышуу, баарлашуу болгон бардык учурда, бардык жагдай, шарт, кырдаалдарда жалпы маданият, айрыкча кеп маданияты сөзсүз катыша тургандыгын, сүйлөшүү процессиндеги анын барк-баасын, маанисин, жана ролун көрө, туя билип, маданияттуу сүйлөөгө аракеттенүүнү адатка айландырууга көнүгүүлөрү талап кылынат.

Тилди окутуунун методикасы илиминде «тил-кеп-норма», «тил-кеп-маданият», «тил-кеп-текст» системаларында окутуу боюнча изилдөөлөр, атайын иштелмелер бар. Биз бул сунуш кылынган системалардын үчүнчүсүн, тил-кеп-текст түрүндөгүсүн алгылыктуу деп эсептейбиз.

Берилген ар бир сунушка өзүнчө токтололу. «Тил-кеп-норма» түрүндө сунуш кылынган окутууну талдоого алууда тил менен кепти бирин экинчиси шарттап турган бир бүтүндүктүн эки жагы экендиги толук таанылып, окутуу-үйрөтүүдө алардын эске алынышы мыйзамченемдүү [2]. Ошол эле учурда тил менен кептин өзүнө гана мүнөздүү, тиешелүү тилдик жана кептик нормалар бар. Алар окутуу процессинде милдеттүү түрдө айтылып, милдеттүү түрдө үйрөтүлөт. Ал эми «норма» деп өзүнчө система катары алынган түшүнүктүн (норманын) маани-маңызы ошол тилдик жана кептик нормалардын жыйындысынан турат. Мындай болгондон кийин «норма» деп өзүнчө бөлүп окутуунун зарылдыгы да болбой калат. Ушул сыяктуу түшүндүрмөнү «тил-кеп-маданият» системасына да берүүгө болот. Мындагы негизги айырмачылык тилди өзүнчө бөлүп алып, байланыш-катнаштын негизги каражаты катары гана кабыл алсак, анда тилдин өзүнө гана тиешелүү болгон маданият дээрлик байкалбайт. Тил маданияты кепте гана жашоочу,

кепте гана болуучу, кепке гана мүнөздүү болгон көрүнүш, сапат. Демек, кеп маданиятын кептен бөлүп кароого, кептен бөлүп окутууга мүмкүн эмес. Мындан улам «тил-кеп-маданият» деп бөлүүнүн же ушундай кылып окутуунун эч кандай зарылдыгы жок экендиги айкын болот.

Ал эми биз алгылыктуу деп эсептеген «тил-кеп-текст» бүтүндүгүндө окутуунун натыйжалуулугу төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт. Тил – байланыш-катнаштын негизги куралы, ал куралды колдонуп, байланыш-катнаштын болуу процесси-кеп, ал процесстин жыйынтыгы-текст. Кеп маданиятынын бардык сапаттары, мүнөздөмөлөрү байланышуу (сүйлөшүү) процессинде колдонулуп, көрүнөт. Ал сапат мүнөздөмөлөрдүн канчалык деңгээлде туура жана орундуу колдонулгандыгы кептин жыйынтыгында ачык көрүнөт. Кептин жыйынтыгы текст деп аталат. Демек, кеп маданиятынын суроо-талаптары канчалык сакталганы, кептин маданияттуулугу толугу менен тексте камтылып, чагылдырылат. Демек кеп маданиятын калыптандырууда, өркүндөтүүдө, анын мүчүлүш жактарын аныктап жоюуда, кептин маданияттуулугун арттырууда кептин өзүнө кайрылуу, кептин өзүнө басым коюу менен бирге эле анын жыйынтыгын көрсөткөн текстке кайрылуу да өзгөчө мааниге ээ болот. Оозеки сүйлөшүүнүн жыйынтыгы да текст болот. Бирок оозеки кепте түзүлгөн текстти талдоо алда канча кыйын жана ал айтылып (түзүлүп) бүткөндөн кийин дароо талдоону, баалоону талап кылат. Ал үчүн, барыдан мурда, оозеки кеп кунт коюп угулушу зарыл. Мындан улам оозеки сүйлөшүүдө түзүлгөн текст менен кептин жазуу формасында түзүлгөн тексттерди талдоодо олуттуу айырмачылыктар келип чыгат. Кеп маданиятын окутуп-үйрөтүүдөгү бул жагдай мугалимге белгилүү болуп, талдоо, үйрөтүү жана текст түзүү процесстеринде эске алынышы талап кылынат.

Жыйынтыгында «тил-кеп-текст» бүтүндүгүн окутууда анын ар бир бөлүгү кеп маданияты менен өтмө катар байланышта экендиги көңүлдүн чордонунда болуп, кеп менен текстте кеп маданияты бирдей каралып, бирдей талданып, бирдей бааланат. Б.а., кыргыз тили мугалими окуучунун оозеки кебин, жообун угууда, жазган тексттин (баяндама, дилбаян) талдап, баалоодо алардын мазмунуна, сабаттуулугуна канчалык маани берсе, анын маданияттуу айтылып, жазылышына да ошондой эле маани берүүсү талапка ылайык. Эгерде мугалим окуучулардын оозеки жана жазуу кептеринин маданияттуулугуна дайыма көңүл буруп, баа коюуда эсепке алса, окуучулар да өз кептеринин маданиятына көңүл буруп, аны жакшыртууга далалат кыла башташат.

Окуучулардын маданият таануучулук компетенцияларын өркүндөтүүнүн теориялык негизги маселелери катары жогоркуларды белгилөөгө болот. Ал эми практикалык маселелеринин орчундуулары, биздин пикирде, төмөнкүлөр.

Орто мектептерде кеп маданиятын окутууга болгон мамиле, түшүнүк, окутуунун максаты, ык-каражаттары тилдин бөлүмдөрүн окутуудан кескин айырмаланып туруусу талап кылынат. Мындагы эң негизги талап кеп маданиятын окутуу эреже-аныктамаларды жаттатуудан алыс болуп, «кептин тууралыгы деген эмне?», «жакшы кеп деп кандай кепти айтабыз?», «кептин байлыгына эмнелер кирет?» деген сыяктуу жедеп ашмалтайы чыгып бүткөн, үйрөтүү иштерин ыгы жок теориялаштырган суроолордун дегеле берилбесин туура көрөбүз. Жалпы эле кеп маданият–белгилүү бир лингвистикалык-теориялык аныктамаларга, чектөөлөргө, атайын иштелип чыккан норманын гана алкагында болууга, ийгилик-бийиктигин, сапатын, деңгээлин так аныктап көрсөтүүгө дээрлик баш ийбеген, кыймылда болуучу, өзгөрмөлүү, өнүктүрүп туруучу коомдук аң-сезимдин, адеп-ахлактын формасы. Аны окутууда ошол жандуулук, кашкайта көрсөтүлгөн көрсөтмөлүүлүк дайыма көрүнүп, байкалып турушу талап кылынат. Бул жандуулук, бул көрсөтмөлүүлүк, ири алдыда, кыргыз тили мугалиминин кебинен дайыма таасын көрүнүшү–окуучулардын кеп маданиятын өркүндөтүүнүн негизги өбөлгөсү, шарты.

**Адабияттар:**

1. Мусаева В. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүрүн негинде окутуу. (Сабактардын иштелмелери). Б. 2014.
2. Мусаев С.Ж. Кеп маданияты жана норма. – Б., 1999. – 147 б.